УДК: 371.3:81(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-341-348

**Ибрагимова Ж.Б.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
djumayim@gmail.com

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА УЛУТТУК БААЛУУЛУК КАТАРЫ "КОМУЗДУ" ОКУТУУНУН ЫК ЖОЛДОРУ

**Аннотация:** Бул макала кыргыз элинин улуттук баалуулугу – комуз тууралуу кеңири маалымат берет. Комуздун жаралуу тарыхы, анын маданияттагы орду жана кыргыз турмушундагы мааниси терең талдоого алынган. Автор комуздун келип чыгышын ар кандай уламыштар, тарыхый фактылар жана маданий контекст аркылуу түшүндүрөт. Ошондой эле, белгилүү комузчулардын чыгармачылык жолу, алардын улуттук маданиятка кошкон салымы жана эл арасында таанымал болгон классикалык күүлөр баяндалат. Комуздун түзүлүшү, анын уникалдуу үнү жана колдонуунун өзгөчөлүктөрү кеңири сүрөттөлөт. Макалада комузду улуттук баалуулук катары жаш муундарга үйрөтүү ыкмалары жана анын билим берүү процессиндеги мааниси изилденет. Улуттук аспапты сактоо жана өнүктүрүү менен бирге, аны дүйнөлүк аренага жайылтуу боюнча сунуштар берилет, бул улуттук маданиятты даңазалоого чоң салым кошот.

**Негизги сөздөр:** комуз, кыргыз маданияты, улуттук баалуулук, белгилүү комузчулар, музыкалык аспап, тарых, мурас, кыргыз эли, руханий дөөлөт, өнөр, музыка, чеберчилик

**Ибрагимова Ж.Б.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
djumayim@gmail.com

# МЕТОДЫ ПРЕПОДАВАНИЯ "КОМУЗА" КАК НАЦИОНАЛЬНОЙ ЦЕННОСТИ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ КАК ВТОРОМУ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

**Аннотация:** Эта статья посвящена национальной ценности кыргызского народа – комузу. Рассматривается история его происхождения, значение в культуре и роль в повседневной жизни кыргызов. Автор подробно описывает легенды и исторические факты, связанные с комузом, а также анализирует вклад известных комузистов, таких как Ниязалы Борошев, Карамолдо Орозов и Атай Огонбаев, в развитие кыргызской музыкальной традиции. Особое внимание уделяется уникальной конструкции инструмента, его звучанию и техникам исполнения. В статье обсуждаются методы преподавания комуза как национальной ценности в образовательных учреждениях для сохранения и передачи культурного наследия будущим поколениям. Автор подчеркивает важность популяризации комуза среди молодежи,

сохранения его роли в духовной жизни народа и продвижения кыргызской культуры на международном уровне.

**Ключевые слова:** комуз, кыргызская культура, национальная ценность, известные комузисты, музыкальный инструмент, история, наследие, кыргызский народ, духовное богатство, искусство, музыка, мастерство

**Ibragimova Zh. B.**
lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
djumayim@gmail.com

## THE METHODS OF TEACHING "KOMUZ" AS A NATIONAL VALUE IN TEACHING KYRGYZ LANGUAGE AS A SECOND LANGUAGE IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

**Annotation:** This article is dedicated to the komuz, a treasured national symbol of the Kyrgyz people. It explores the history of its origin, cultural significance, and its essential role in Kyrgyz traditions and daily life. The author examines the komuz's origins through legends, historical evidence, and cultural analysis, while highlighting the contributions of celebrated komuz players like Niyazaly Boroshev, Karamoldo Orozov, and Atay Ogonbaev to the enrichment of Kyrgyz musical heritage. The article provides an in-depth description of the komuz's unique structure, sound, and playing techniques. Moreover, it discusses methods of teaching the komuz in educational institutions as a means to preserve and promote national values among future generations. The author emphasizes the importance of fostering appreciation for the komuz among the youth, maintaining its role in Kyrgyz cultural identity, and showcasing its significance on the global stage as a vibrant symbol of the nation’s spiritual and artistic legacy.

**Keywords:** komuz, kyrgyz culture, national value, notable komuz players, musical instrument, history, heritage, kyrgyz people, spiritual wealth, art, music, craftsmanship

Мен ушул аспапты колго алып, студенттерге бул - эмне десем, “Это дынгыр-дынгыр, деревяжка которое поет и дает звук” - десе болобу. Комзуду столго коюп, жүрөгүм сыздап, жүлүнүм үзүлүп кеткендей болду. Биздин жаш муундарыбыз кайда баратат, кайда биздин баалуулугубуз? Аттиң арман, ыйлагым келип, буулугуп өзүмдү коёрго жер таппай, беттерим кызарып, жерге батпай, бир саамга турдум да кайра өзүмдү кармап, бул музыкалык аспап, аты – “Комуз” дедим. Ичимден мен үйрөтпөсөм ким үйрөтөт деп, комуздун тарыхын айтып берүүгө бел байладым.

1. **Комуздун жаралуу тарыхын айтып берейин.**

Комуз — кыргыз элинин эң байыркы жана ыйык музыкалык аспаптарынын бири. Анын келип чыгуу тарыхы терең жана кыргыз элинин маданий мурасы менен тыгыз байланышта.

Комуздун жаралыш тарыхы так айтылбаса да, анын тамыры байыркы көчмөн элдердин дооруна чейин жетет. Кыргыздар көчмөн жашоо мүнөзүнө байланыштуу жаратылыш менен тыгыз байланышты сактап келген. Алар өздөрүнүн сезимдерин, жаратылыштын үнүн жана турмуштук окуяларды музыкалык аспаптар аркылуу чагылдырып турушкан. Комуз ошол доордун жарчысы болгон. Комуз кыргыздын улуу эпосу "Манас" жана башка дастан-

эпостордо айтылган. Бул аспап элдин руханий дүйнөсүнүн, эркиндигинин, кайгысын жана кубанычын чагылдырат.

Чындыгында келип чыгышы тууралуу тарых ар түрдүү уламыштар менен баяндаган. Кыргыз турмушунун энциклопедиясынын туу чокусу болгон Манас эпосунда, Сагынбай Орозбаковдун вариантында, Манас атабыз ооруп жатканда, “Карагай капкак жаптырган, комузчудан жүздү алдырган” деп, ошол убакта комуздун бар экенин жөнүндө айтылат жана ал оорунун айыктыруу касиетке ээ экендигин да айтышкан.

Комуз 11-кылымга таандык болгон Махмуд Кашгаринин “Түрк тилдеринин сөздүгүндө” да кездешет.

Сабырбек Абдырамен өзүнүн изилдөөлөрүндө «куу – күү”, “ууз – уз” деген сөздөр “күү-уз” – “коздолгон” (уз), “күүчү – уз” деп өзгөрүп, этимология боюнча “күүчү-уз”, “коо-уз”, андан барып “коо-муз” “комузга” өтүп кетиши мүмкүн деген [1].

Буларды жылдап, кылымдар ичинде ар кандай өзгөрүүлөрдүн негизинде жаралган улуттук музыкалык аспап азыркы биз көргөн жыгач комуз. Жыгач комуз кантип жаралгандыгы тууралуу ар түрдүү уламыштар айтылат. "Камбаркан" күүсүнүн башы тууралуу аңызда, илгери Камбар деген хан аңчылыкка чыкканда, жыгачка илинген маймылдын ичегисинен чыккан үнгө кызыгып, комузду ойлоп табат. Камбар аны чертип, комуздун үнүн жакшыртуу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонуп, өзү биринчи күү "Камбарканды" черткен. Ошондон бери "Күүнүн башы Камбаркан" деп аталган күү тарыхта сакталып калган.

**Комуз тууралу сабагыбызды баштап, кеңири түшүнүк берип кетейин:**

1. **Эң алгач <u>комуз</u> деген сөздү туура айтууга жана жазууга көнүгөлү**. Комузду айтууда акцент пайда болот. Аны өзгөртүп мындайча туура айтабыз:

**К** – каткалаң, кыска үнсүз.

**О** – жоон, кыска үндүү.

**М** – уяң, жумшак үнсүз.

**У** – жоон, кыска үндүү.

**З** – жумшак үнсүз.

Жоон үндүү “**А**”, “**О**”, “**У**”, “**Ы**” тамгалары “**К**” тамгасы менен катар келсе, жоон айтылып, жоон окулат. Ошол себептен сөздүн айтылышында акцент пайда болот. Ошол эле “**К**” тамгасы ичке үндүүлөр менен “**И**”, “**Ө**”, “**Ү**”, “**Э**” келгенде өзгөрүүсүз ичке окулат жана сөздө акцент пайда болбойт.


2. **Комуздун түзүлүшүнө көңүл бөлсөк.**

Комуз – жөнөкөй, бирок уникалдуу музыкалык аспап. Анын түзүлүшү үндүн өзгөчөлүгүн жана аспаптын өзгөчө тембрин аныктайт. Комуз негизги үч бөлүктөн турат:

- **Комуздун корпусу (кабыгы):**
  Корпус, же аспаптын негизги бөлүгү, көбүнчө өрүк, кайың же карагай сыяктуу бекем жана жакшы үндү чагылдырган жыгачтардан жасалат. Корпус көңдөй болуп, үн жаңырышын күчөтүүчү резонатордун (үн күчөтүүчү жана жаңыртуучу) милдетин аткарат.
- **Моюну:**
  Комуздун моюну узунураак, жука жана түз келет. Ал корпустун уландысы болуп эсептелет жана кылдарды тартуу үчүн колдонулат. Моюнунда күүлөө жана үн чыгаруучу кылдарды башкаруучу бөлүктөр жайгашкан.
- **Кылдары:**
  Комуздун үч кылы бар. Илгери кылдар жылкынын куйругунун кылы же жиптен


жасалса, азыркы күндө синтетикалык материалдардан да жасалып жүрөт. Ар бир кылдын өзүнчө үн бийиктиги (тондугу) болот жана ал аспаптын өзгөчө үндүгүн камсыздайт.

Комуздун түзүлүшү ар бир чебердин колунан жана чыгармачылыгынан көз каранды. Ар бир аспаптын өзүнө тиешелүү үнү жана өзгөчөлүктөрү бар.




***Сүрөт 1. Комуздун түзүлүшү [2].***

3. **Сөз айкаштарын түзөбүз:**
   Кооз комуз, жеңил комуз, ыңгайлуу комуз, шаңдуу комуз, ромбик чаралуу, алмурут-тун формасындай, шаңшыган комуз.
4. **“Комуз”** - деген тамгалардан сөз жасоо.
   Музоо, ууз, уз, коом, зоок, ооз, ук, уу, козу, узоо, кум, уук, куу, муз, зум, кооз. Ушул сөздөрдүн маанилерин чечмелеп, сүрөттөрүн тарткыла.
5. **Синквейн**
   - **a.** Комуз
   - **b.** Уккулуктуу, жагымдуу
   - **c.** Жасашат, чертишет, угушат
   - **d.** Кыргыздын улуттук уникалдуу баалуулугу
   - **e.** Аспап
6. **Венндин диаграммасын түз.**




*Сүрөт 2. Комуз жана темир ооз комуз үчүн Венндин диаграммасы*

**7. Кластер**




*Сүрөт 3. Комуз үчүн кластер*

**8. Комуз тууралуу ырды жаттагыла**

Комуз өзү – кылымдарды карыткан,
Кабар берет эң алгачкы тарыхтан.
Кыргызымдын коштоп жүргөн – кубаты,
Козгоп дүйнө сезимдерди чагылткан.
Комуз күнүн белгилешип коюшту!
Ооба, бул да, негиздүү да, олуттуу.
Сактоо үчүн баалуулукту баалап,
Улутума рух, байлык чогултуу!
Сүйүү, кайгы сезимдердин кылдарын,
Ичке камтып эчен-эчен жылдарын.

Жүрөк күйүп, жүлүндөрдү сыздаткан,
Таркаткан го ички дүйнө муңдарын.
Кыргыз чертсе үнү тоонун улары!
Жан дүйнөңдүн таркай түшөт кумары.
Кыргызыма кудай берген энчилеп,
Ар бир кыргыз ала жүрчү тумары!

Автору: Ибрагимова Жумайым Баймырзаевна

**9. Сөздүк түзөбүз**

- **Комуз –** музыкальный инструмент
- **Ыйык –** святой, священный
- **Мурас –** наследие
- **Аспап –** инструмент
- **Тарых –** история
- **Эл –** народ
- **Чеберчилик –** мастерство
- **Улуттук баалуулук –** национальная ценность
- **Белгилүү –** известный
- **Маданият –** культура
- **Өнөр –** искусство
- **Руханий дөөлөт –** духовная ценность

**10. Комуздун түрлөрүн карап көрөлү**

Сулайман Рысбаев "Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү" деген китебинде комзудун түрлөрү төмөндөгүдөй көрсөтүлөт:

1. 9 кылдуу комуз
2. 7 кылдуу комуз
3. 5 кылдуу комуз
4. 3 кылдуу комуз
5. 2 кылдуу комуз (муну чертмек дешкен)
6. бүкмө комуз
7. курама комуз
8. жез комуз (бетине желим катары жыландын терисин пайдаланышкан же мүйүздү пайдаланып желим жасашкан). Чертме аспаптар менен катары эле тартма аспаптар болгон. Андан "күү тарт" – деген сөз көп кайталанып "гитара" (күүтар) аспабын европалыктар жасап алышкан [3].

Ал эми интернет булагына көз чаптырсак комзудун беш түрү көрсөтүлгөн.

1. Комуз – пикколо
2. Комуз – прима
3. Комуз – альт
4. Комуз – тинор
5. Комуз – бас жасалган.

Атай Огонбаев дагы 1939-жылы май айында кыргыздардын Москвадагы музыкалык 10 күндүк декадасында 4 кылдуу комузду бычак менен чертип чыккан [4].

**2. Белгилүү комузчулар жана алардын салымы**

Комуз өнөрүн өнүктүрүүдө улуу комузчулардын эмгеги эбегейсиз зор. Алардын арасында:

1. **Карамолдо Орозов** – кыргыздын залкар комузчусу, классикалык күүлөрдүн чебери. Анын жаратканы "Кара өзгөй", "Жаш кыял" сыяктуу күүлөр азыркы күндө да аткарылып, комуз өнөрүнүн үлгүсү катары саналат.
2. **Атай Огонбаев** – комуз өнөрүн жана кыргыз музыкасын дүйнөлүк деңгээлде тааныткан улуу талант. Анын "Маш ботой" күүсү кыргыз музыкасында өзгөчө орунду ээлейт. Убагында комузду бычак менен чертип, Сталинди таң калтырган.
3. **Ниязалы Борошев** – кыргыз күүлөрүнүн залкар устаты. Ниязалынын чыгармачылыгы кыргыз комуз өнөрүнүн жаңы деңгээлге көтөрүлүшүнө чоң салым кошкон. Анын "Камбаркан", "Толгоо", "Асанкайгы" сыяктуу күүлөрү кыргыз маданиятынын алтын казынасына кирген. Ал өзүнүн өзгөчө ойноо стили жана чеберчилиги менен эл арасында чоң урматка ээ болгон. 500дөн ашык күү чыгарган.
4. **Муратаалы Күрөңкеев** – комуз өнөрүнө зор салым кошуп, бир катар шедевр күүлөрдү жаратып, элдин алкоосуна ээ болгон. Таланттуу комузчунун атынан окуу жайлар, көчөлөр коюлган.

Бул залкар устаттар комузду өнүктүрүп, кыргыз маданиятынын символу катары дүйнөгө таанытышкан.

**3. Комуз жана кыргыздын улуттук баалуулуктары**

Комуз улуттук маданияттын көптөгөн баалуулуктарын чагылдырат:

1. **Салттуулук жана мурас**
   Комуз аркылуу элдик салттар жана каада-салттар азыркы күнгө чейин жашап келет. Кыргыздын күүлөрү комуздун үнүндө жаңырып, ата-бабалардын даанышмандыгын жана турмуштук философиясын жеткирет.
2. **Руханий байланыш**
   Комуздан чыккан коңур үн кыргыз элинин табиятка жана руханий дүйнөгө жакындыгын тастыктайт. Көптөгөн күүлөр жаратылыш көрүнүштөрүн, айлана-чөйрөнү жана адамзаттын жан дүйнөсүн сүрөттөгөн.
3. **Биримдик жана улуттук уникалдуулук**
   Комуз кыргыз элинин биримдигин жана маданий уникалдуулугун бекемдеген символ катары кызмат кылат. Ал бардык кыргыздар үчүн жалпы баалуулук болуп саналат жана улуттук сыймык сезимин ойготот.
4. **Эркиндик жана чыгармачылык**
   Комуздун күүлөрү аркылуу чыгармачылык эркиндик жана музыкалык фантазия чагылдырылат. Комузчулар өз алдынча күүлөрдү жаратып, кыргыз маданиятынын байлыгын дагы да арттырышат.

**Комузду сактоо жана өнүктүрүү**

Бүгүнкү күндө комуз улуттук сыймык катары таанылып, аны өнүктүрүү жана жайылтуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Кыргызстандын мектептеринде жана маданий борборлорунда комуз ойноо үйрөтүлүп, жаштар арасында бул өнөргө кызыгуу жогорулап жатат. Ошондой эле, комуз замандын талабына ылайык жаңы музыкалык жанрларда, эл аралык сахналарда аткарылып, кыргыз маданиятынын дүйнөлүк аренадан орун алышына өбөлгө түзүүдө.

**Жыйынтык**

Комуз – бул жөн гана музыкалык аспап эмес, улуттун маданий жана руханий өзөгүн чагылдырган баа жеткис мурас. Ал кыргыз элинин улуттук баалуулуктарынын күзгүсү жана ата-бабалардын руханий аманаты. Белгилүү комузчулар, анын ичинде Ниязалы Борошев, өз өнөрү аркылуу комузду жана кыргыз маданиятын дүйнөгө таанытып, анын улуулугун даңазалашкан. Комуздун үнү кыргыз элинин жан дүйнөсүнө дем берип, улуттук маданиятты түбөлүктүү сактоого жана өнүктүрүүгө чакырууда.

**Колдонулган булактар тизмеси:**


1. Бермет Маликова - Вечерний Бишкек", 31.07.09. ж. "Стряхивая пыль веков",
2. Комуз. [Электрондук ресурс] // Tyup.net. – URL: https://tyup.net/page/komuz (акыркы түздөө датасы: 01.12.2025).
3. С. Рысбаев п.и.д. - «Кыргыздын улуттук Баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү»
4. Абдыкерим Муратов - Бычактын мизи менен комуз чертип, Сталинди таңданткан Атай Огонбаев. 15 факт, 2021 ж.
5. Анвар Байтур кытай тарыхчысы "Кыргыз тарыхынын лекциялары". – Бишкек. "Учкун», 1992-ж. 1-2 том
6. Советбек Байгазиев п.и.д. – «Улутубуздун уңгулуу нарктары»
7. Дюшембиева К.А. – "Кыргыз элинин байыркы оозеки музыкалык чыгармачылыгынын таржымалы"


**Рецензенттер: педагогика илимдеринин кандидаты Толоев М.Ж.,**
**филология илимдеринин кандидаты Ормонова С.К.**